2015-жылдын 27-февралындагы Беларус Республикасынын ТИМнин билдирvvсv дагы бир жолу Беларус Республикасынын расмий органдары тарабынан Кыргызстанда ото оор кылмыш жасагандыгы vчvн сот тарабынан жаза алган кылмышкерлерди, анын ичинде Бакиев Жаныбекти, кандай жол менен гана болбосун жаап-жашырып, коргоо ниетинде экендигин тастыктап тургандыгы, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги окvнvv менен белгилейт. Расмий Минск, Беларус аймагындагы кыргызстандык кылмышкерлерди жаап-жашыруу койгойvн аралаштыруу керек эместигин Кыргызстандын ТИМги дагы бир жолу баса белгилеп кеткенге аргасыз.

Беларус тарабынын "мамлекеттин цивилизациялуулугу", "озvнvн жарандарынын укуктарын сактоо", "адилеттvv укуктук коргоо" жана "укук коргоого болгон айрыкча мамиле" сыяктуу тvшvнvкторго шилтемелери таптакыр орунсуз эсептелет. Буга кошумча да болуп, дvйнолvк коомчулукка белгилvv фактылардын негизинен тvзvлгон Беларус Республикасынын тийиштvv органдарынын адаттагы беделинин натыйжасында, бул олконvн органдарынын жетекчилерин кобvнчо цивилизациялуу болгон дvйно ожолорv кабыл албастыгы эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Президенти А.Ш.Атамбаевдин 2015-жылдын 26-февралындагы билдирvvсvндо беларус тарабынан эл аралык милдеттемелер аткарылбагандьны vчvн тынчсыздануу белгиленген. Ал билдирvvдо Беларус тарабына эч кандай кемсинтvv мvноздомо жок, тескерисинче, Беларус элине жана тарыхына сый урмат айтылып, ошондой эле издоодо жvргон адамдарды кайтарып жана экстрадиция кылуу боюнча койгойлордv тvшvнvvго жана конструктивдvv кызматташууга vмvт жолдонгон.

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги, Беларус Республикасы эл аралык милдеттемелерин аткарууга тийиш экендигин баса белгилейт жана дагы бир ирет беларус тарабын эки олконvн элинин достугунун кызыкчьшыгы vчvн конструктивдик диалогто чакырат.